# Чоң сабак




Автор: Сулайман Рысбаев

Сүрөтчү: Адель Дуйшеева

# Чоң сабак

Автор: Сулайман Рысбаев
Сүрөтчү: Адель Дуйшеева

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Чоң сабак" (кыргыз тилинде), автор Сулайман Рысбаев, сүрөтчү  Адель Дуйшеева

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom





Эрлан менен Азис мектепке бараткан жолдо жолугушту.

– Азис, билесиңби, бүгүн эжейдин туулган күнү?

– Ооба.

– Эмне белек берсек болот?

Экөө бири-бирине суроолуу карап калышты. Анан Азис мындай деди:

– Эжейге гүл белек кылбайлыбы?

– Туура айтасың.

Экөө жол боюндагы гүл саткан дүкөнгө кириштi. Сатуучу эжеден бир роза гүлүнүн баасын сурашты.

Акчаларын санашса, жетпейт экен.

Экөө сыртка чыгышты. Көздөрү дүкөндүн артындагы күнөсканадагы жайнаган гүлдөргө кадалды. Эки жакты караштьы. Эч ким көрүнбөйт. Дүкөнчү эже деле келген кардарлар менен алек болчу...

– Азис, – деп Арген көздөрүн күнөскана тарапка карай ымдады...






Экөө акырын кирип барып, эки сабак гүл үзүп алышты. Анан мектепти көздөй “тыз” коюшту. Эчак коңгуроо кагылып, сабак башталып калыптыр. Эрлан менен Азис уруксат сурап класска кирип барышты.  Эжей окуучулардын тизмесин тактап жаткан экен.

– Туулган күнүңүз менен, эжей! – дешти Азис менен Эрлан жарыша.

Бирден роза гүлүн эжейине сунушту.

– Оо, рахма-аат, балдарым! Рахма-ат! – деп эжей гүлдөрдү колуна алып жыттады.

Мугалимине өзү сүйгөн роза гүлүн белекке бергенине экөөнүн көңүлдөрү көтөрүлдү. Дал ошол маалда класстын эшиги акырын ачылды. Кимдир бирөө класска баш бакты. Эмнегедир, Эрлан менен Азис шектене эшик тарапты карап калышты...






Ал баягы гүл саткан эже экен! Мугалимдин столундагы гүлдөрдү бир карады да, эч нерсе дебестен, эшикти акырын жаап койду. Жабылган эшиктин артынан шиш такасынын үнү алыстап кетип баратканы угулуп турду.

Эрлан менен Азис гүл саткан эжени таанышты. Эмне кылар айласын таппай, ары-бери карап, көздөрүн элейтишти. Дүкөнчү кайрадан класска кирип келип, экөөнүн уятын чыгара тургансып карбаластaшты.

Ал күнү Эрлан менен Азис кечке сарсанаага батышты. Сабактан кийин башка жол менен үйлөрүнө жөнөштү.

Эртеси экөө күндөгү жерден жолугуп, гүл саткан дүкөндүн жанына келишти. Айланчыктап, кире албай көпкө турушту.


Аңгыча эшик ачылып, гүл саткан эже өзү чыгып келди.

– Ии, келгиле, балдар! – деди экөөнү карап.

Ал балдардын келгенин видеокамерадан баятан бери эле байкап турган болчу. Ал тургай, кечээ да экөөнүн күнөсканага жашырынып кирип, гүлдөрдү кантип үзүп кеткенин көрүп койгон. Балдар аны билишкен эмес.

– Кечирип коюңуз, эже! – деди Эрлан апасы “тамак сатып ич” деп берген акчаны сунуп. – Кечээ биз...

– Кечирип коюңуз!.. – деди Азис дагы жер карап турган бойдон.





Дүкөнчү эже экөөнү жылмая карап:

– Кечээ эжейиңердин туулган күнү беле? – деп сурады.

– Ооба... – деди башын шылкыйтып Эрлан.

– Силер эжейиңерди сыйлаганыңар жакшы. Акчаңарды албай эле коёюн.

Эжейиңерге берген гүлдөр баарыбыздын белегибиз болсун. Мугалимди мен да сыйлайм! Туура эмес иш жасаганыңарды түшүнүп, өзүңөр келгениңер туура болду.

Эрлан менен Азис үчүн бул окуя чоң сабак эле...

АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

Автор: Сулайман Рысбаев
Сүрөтчү: Адель Дуйшеева

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

| | |
|---|---|
| 1-класс | 1.1 деңгээли |
| | 1.2 деңгээли |
| | 1.3 деңгээли |
| 2-класс | 2.1 деңгээли |
| | 2.2 деңгээли |
| 3-класс | **3.1 деңгээли** |
| | 3.2 деңгээли |
| 4-класс | 4.1 деңгээли |
| | 4.2 деңгээли |